1-тиркеме

**Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк адистердин кирүүсүн макулдашуу маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өз ара аракеттенүү**
**СХЕМАСЫ**
*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн*
*2020-жылдын 17-апрелиндеги №135-б буйругуна ылайык)*



2-тиркеме

**Кадамдык алгоритм**

1. Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк адисти тартуу үчүн уюм/ишкана керектүү документтерди тиркеп (тизме тиркелет), жазуу жүзүндө Кыргыз Республикасынын профилдик мамлекеттик органына кайрылуусу зарыл.

2. Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органы уюмдардын/ишканалардын жазуу жүзүндөгү кайрылуусун алгандан тартып 2 (эки) иш күндүн ичинде келип түшкөн кайрылууну негиздүүлүгүнө жана чет өлкөлүк адисти чакыруунун муктаждыгына карата карап чыгат жана уюмдардын/ишканалардын кайрылуусун карап чыгуунун натыйжасы оң болгондо, иштөөгө уруксатты алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматына керектүү документтерди тиркөө менен өтүнмөнү жиберет.

Андан соң, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы 7 (жети) күнгө чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органынын кайрылуусун карайт жана Ведомстволор аралык комиссиянын чечиминин негизинде тийиштүү жоопту жиберет.

Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынан иштөөгө уруксатты алгандан кийин Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Консулдук кызмат департаментине Кыргыз Республикасынын электрондук визасын тариздөө үчүн www.evisa.e-gov.kg порталы аркылуу өтүнмөнү тапшырат. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Консулдук кызмат департаменти 5 (беш) иш күндүн ичинде өтүнмөнү карап чыгат жана электрондук портал аркылуу Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органына кабарлайт.

3. Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын электрондук визасын алган учурда 2 (эки) күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматына паспорттун көчүрмөсүн, иштөөгө уруксатты/Ведомстволор аралык комиссиянын протоколунан көчүрмөнү, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы визасын, чакырып жаткан уюмдардын/ишканалардын каражаттарынын эсебинен обсервация учурунда чет өлкөлүк адистердин андан кийин өлкөнүн аймагында болуусу жана медициналык кызматтарды алуусуна байланыштуу бардык чыгымдарды Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине кайтарып берүү тууралуу уюмдардан/ишканалардан кепилдик катын, ошондой эле чет өлкөлүк адистин келе турган күнү тууралуу маалыматты тиркөө менен чет өлкөлүк адиске берилген уруксат документтерин алгандыгы тууралуу билдирүүнү жиберет.

4. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасынын тийиштүү контролдук-өткөрмө пунктуна чет өлкөлүк адистер келген учурда, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы аларды өткөрөт жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги коронавирустук инфекцияга Кыргыз Республикасынын

Саламаттык сактоо министрлигинин 2020-жылдын 18-апрелиндеги № 247 буйругу менен бекитилген иш-аракеттердин алгоритмине ылайык аларды текшерет.

*Эскертүү*:

* 60 күнгө чейинки мөөнөткө визасыз режим каралган чет мамлекеттердин (дүйнөнүн 52 өлкөсү) жарандарына карата, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жарандарынан сырткары, иштөөгө уруксатты тариздөө керек (ЕАЭБ өлкөлөрүнүн жарандарын өткөрүү Кыргыз Республикасынын аймагында коронавирустук инфекциянын жайылышына каршы күрөшүү жана анын кесепеттерин жоюу боюнча оперативдүү штаб менен макулдашуу боюнча ишке ашырылат).

** Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органы өтүнмөнү тапшырган уюмдар/ишканалар менен биргеликте өз ара тыгыз аракеттенип, чет өлкөлүк адистин кирүү документтерин кантип алуу керектигин иштеп чыгат. Кадамдык алгоритмдин сакталышына Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органынын жетекчисинин тейлөөчү орун басары жоопту болот.

**Документтердин тизмеги**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-апрелиндеги № 175 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк жарандардын жана жарандыгы жок адамдардын эмгектенүү тартиби жөнүндө жобонун 12-пунктуна ылайык, чет өлкөлүк жумушчу күчтү тартууга жана пайдаланууга квотаны алуу үчүн Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органына төмөнкүлөрдү тапшыруу керек:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы тарабынан бекитилген форма боюнча чет өлкөлүк жумушчу күчтү тартууга жана пайдаланууга арыз;
- юридикалык же жеке жактын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- лицензияланууучу иш жүргүзгөн учурда, лицензияланууучу ишти жүргүзүүгө лицензиясынын көчүрмөсү;
- бардык кызматкерлердин саны, жеке маалыматтары (аты-жөнү, паспортунун номери) жазылган бекитилген штаттык ырааттама, ошондой эле учурдагы бош жумуш орундары тууралуу маалымат.

2. Жогоруда аталган Жобонун 20-пунктуна ылайык иштөөгө уруксатты алуу үчүн Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органына төмөнкүлөрдү тапшыруу керек:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматы тарабынан бекитилген формада иштөөгө уруксатты алуу тууралуу арызды;
- чет өлкөлүк жарандын паспортунун колдонуудагы визасы (W1 категориясы) же каттоосу менен бирге нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн котормосун;
- билим берүү, медицина жана фармацевтика чөйрөсүнө тартылган чет өлкөлүк адистер - алган билими жөнүндө дипломунун нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн котормосун;
- Республикалык “СПИД” борбору тарабынан берилген АИВге (ВИЧ) антителолорду текшерүү жөнүндө медициналык корутундуну;
- ак фондо, бурчу менен, түстүү жылтырабаган, 30х40 мм өлчөмүндөгү эки сүрөт.